КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАДР КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ КАДРОВАЯ СЛУЖБА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Б У Й Р У К

# П Р И К А З

№ 158 «26» декабря 2018 г.

## Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоо боюнча мониторинг жүргүзүүдөгү критерийлер жана индикаторлор тууралуу

Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну көзөмөлдөө боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин жумушчу тобу тарабынан 2018-жылдын 17-майында бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын системасында коррупциялык тобокелдиктерди төмөндөтүү боюнча иш-чаралардын Деталдаштырылган планын жүзөгө ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы № 215 «Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 30-сентябрындагы № 198 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жөнүндө жобого ылайык,

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоо боюнча мониторинг жүргүзүүдөгү критерийлер жана индикаторлор бекитилсин (тиркелет).

2. Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжалары боюнча бекитилген критерийлер жана индикаторлор боюнча баалоо өткөрүлсүн.

3. Мамлекеттик органдардын статс-катчыларынын ишине мониторинг жүргүзүүдө алардын рейтингин жыл сайын аныктоо үчүн мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоого жүргүзүлгөн мониторинг боюнча аныкталган баалар колдонулсун.

4. Финансылык жана администрациялык камсыздоо бөлүмү бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын веб-сайтына жайгаштырсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары К.К. Алышбаевге жүктөлсүн.

**Директор** **А.К. Мадумаров**

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик
кадр кызматынын 2018-жылдын
26-декабрь № 158 буйругуна тиркеме

**Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоо боюнча мониторинг жүргүзүүдөгү критерийлер жана индикаторлор**

Мониторинг Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы № 674 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого (мындан ары - Жобо) ылайык жүргүзүлөт.

Жобонун 4-пунктуна ылайык мониторингди жүргүзүүгө даярдык көрүүдө жумушчу комиссиянын мүчөлөрү эскерткич (кыскача нускама) түзүшөт жана мурда мониторингдер өткөрүлсө, ошолордун натыйжасы жөнүндө маалымкаттарды изилдешет.

Эскерткич мониторингдин негизги багыттарын жана изилдөө үчүн жумушчу комиссияга берилүүчү документтердин тизмесин камтыйт.

Мониторингдин негизги багыттары Жобнун 3-бөлүмүндө чагылдырылган: 24 критерийге бөлүштүрүлгөн 11 багыт (Жобонун 24-пунктунан тышкары - кызматчыларга, ошондой эле алардын жакын туугандарына таандык кирешелерди, чыгымдарды, мүлктү жана милдеттенмелерди декларациялоонун абалы).

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүүдө 24 критерий каралган жана 5 баллдуу шкала боюнча баа коюлат, максималдуу балл – 120 балл. Ар бир критерий (индикатор) 1 баллдан 5 баллга чейин бааланат.

Ар бир критерий боюнча коюлган баа жыйынтыктоочу баада чагылдырылат. Жалпы бааны аныктоо үчүн баардык жыйынтыктоочу баалар кошулат.

Баалар төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

1) иш жүргүзүлбөйт, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды аткаруу боюнча одоно бузуулар бар - 72 баллдан (кошо) төмөн баалоодо;

2) иш жүргүзүлүүдө, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды аткаруу боюнча маанилүү бузуулар бар - 73 баллдан 90 баллга чейин баалоодо;

3) иш жүргүзүлүүдө, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды аткаруу боюнча бузуулар бар - 91 баллдан 106 баллга чейин баалоодо;

4) иш жүргүзүлүүдө, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды аткаруу боюнча маанилүү эмес бузуулар бар - 107 баллдан 114 баллга чейин баалоодо;

5) иш мыйзамдардын негизинде жүргүзүлүүдө - 115 балл жана андан жогору баалоодо

| Критерийлер | Индикаторлор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **5 балл:** иш мыйзамдардын негизинде жүргүзүлүүдө (эскертүүлөрсүз) | **4 балл:** иш жүргүзүлүүдө, бирок маанилүү эмес бузуулар (эскертүүлөр) бар | **3 балл:** иш жүргүзүлүүдө, бирок бузуулар (эскертүүлөр) бар | **2 балл:** иш жүргүзүлүүдө, бирок маанилүү (одоно) бузуулар (эскертүүлөр) бар | **1 балл:** иш жүргүзүлбөйт | **Жыйынтыктоочу баа** |
| **1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик органда же ЖӨБ органында бош кызмат ордун ээлөөгө конкурстук тандоонун абалы** | | | | | | |
| 1. Конкурстук комиссиянын түзүмүнүн жана курамынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдары тарабынан белгиленген талаптарга ылайык келүүсү | | | | | | |
| 2. Конкурс аркылуу жана конкурс өткөрбөстөн мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органынын административдик мамлекеттик бош кызмат орундарына дайындоолор (ротациялоо) | | | | | | |
| 3. Айкалыштыруу үчүн акы төлөө менен бош кызмат орундарына милдеттерди аткарууну жүктөө | | | | | | |
| 4. Мыйзамдарга ылайык мамлекеттик органда жана ЖӨБ органында бош кызмат орунду ээлөөгө конкурсту өткөрүү мөөнөттүн сактоо | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органынын кадрлар резерви менен иштөө абалы** | | | | | | |
| 5. Мамлекеттик органдын же ЖӨБ органынын ички кадрлар резервин түзүү жана иштөө тартиби | | | | | | |
| **3. Мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчылардын өсүп-өнүгүүсү боюнча иштин абалы** | | | | | | |
| 6. Каржылоо шарты менен, кызматчыларды жалпы жана ведомстволук багыт боюнча окутуунун бекитилген жылдык программасынын болушу | | | | | | |
| 7. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, кызматчыларды 3 жылда бир жолудан кем эмес окутуу | | | | | | |
| **4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органынын кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруу боюнча ишин уюштуруу** | | | | | | |
| 8. Кызматчыларга класстык ченди өз учурунда ыйгаруу жана ылайык келүүсү | | | | | | |
| **5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык аткаруу жана эмгек тартибинин абалы, кызматчыларга карата колдонулган сыйлоо жана жаза көрүү чараларынын болушу** | | | | | | |
| 9. Тартиптик жазаларды салуу боюнча жол-жоболордун тартиби (Тартиптик комиссия) | | | | | | |
| 10. Тартиптик жазаларды салуу жөнүндө буйруктар (тааныштыруу, тартиптик жаза салынгандыгы жөнүндө далилденген көчүрмөлөрдү берүү) | | | | | | |
| **6. Мамлекеттик органда жана ЖӨБ органында кызматчылар тарабынан этика ченемдерин сактоо** | | | | | | |
| 11. Мамлекеттик органда же ЖӨБ органында Кыргыз | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын Этика кодексин сактоо | | | | | | |
| **7. Кызматчылардын ишин баалоо боюнча иштин абалы** | | | | | | |
| 12. Баалоо боюнча комиссиянын жана апелляциялык комиссиянын түзүмүнүн жана курамынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдары тарабынан белгиленген талаптарга ылайык келүүсү | | | | | | |
| 13. Кызматчылардын жеке иш пландарынын жана аларды аткаруу боюнча отчеттордун болушу | | | | | | |
| 14. Кайрылууларды кароонун натыйжалары боюнча материалдардын жана комиссиянын отурумдарынын протоколдорунун болушу | | | | | | |
| **8. Мамлекеттик жарандык кызматтан жана муниципалдык кызматтан терс негиздер боюнча бошотулган адамдар жөнүндө маалыматты көрсөтүү, кызматчылар тарабынан келтирилген материалдык зыяндын ордун толтуруу** | | | | | | |
| 15. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберилген кызматчыларды терс негиздер боюнча бошотуу жөнүндө билдирүүлөр, кызматчылар тарабынан келтирилген материалдык зыяндын ордун толтуруу | | | | | | |
| **9. Кызматчылардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген административдик мамлекеттик жана** | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **муниципалдык кызмат орундарынын топторуна коюлуучу квалификациялык талаптарга ылайык келүүсү** | | | | | | |
| 16. Административдик мамлекеттик жарандык кызмат орундарынын жана административдик муниципалдык кызмат орундарынын категориясын жана тобун эске алуу менен, кызматчынын кесиптик билим деңгээлинин жана тармагынын - адистиги жана тиешелүү кесиптик көндүмдөрү боюнча иш стажына жана тажрыйбасына ылайык келүүсү | | | | | | |
| 17. Башкаруучу түзүмдөрдүн кызматчыларынын штаттык санынын чегин жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын аталыштарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү | | | | | | |
| **10. Персоналды башкаруу кызматынын абалы** | | | | | | |
| 18. Өздүк көктөмөлөрдү сактоо тартиби, мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органынын архивинин болушу | | | | | | |
| 19. Өздүк көктөмөлөрдүн санынын кызматчылардын штаттык санына ылайык келүүсү, кызматчылардын өздүк көктөмөлөрүн КРдин мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарынын | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| талаптарына ылайык жүргүзүү тартиби | | | | | | |
| 20. Эмгек китепчелерин жүргүзүү тартибинин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 24-июлундагы № 462 токтому менен бекитилген Эмгек китепчелерин жүргүзүү тартибине ылайык келүүсү | | | | | | |
| 21. "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, өздүк (жеке) кызыкчылыктарды декларациялоо | | | | | | |
| **11. Жарандардын кайрылуулары менен иштөө жана кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүү боюнча мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органынын иши** | | | | | | |
| 22. Мамлекеттик органдын же ЖӨБ органынын жетекчилиги тарабынан жарандарды жеке маселелер боюнча кабыл алууну уюштуруу, жарандарды кабыл алуу журналында тийиштүү жазуулардын, келген адамдарды кабыл алуу графиги жана аларды кабыл алуу боюнча туруктуу нөөмөттүн болушу, ошондой эле "Ишеним телефону" боюнча ишти, мамлекеттик органдын же ЖӨБ органынын коомдук кабылдамасынын ишин талдоо. Мамлекеттик органдын же ЖӨБ органынын мындай ишин массалык маалымат каражаттарында жана | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| мамлекеттик органдын же ЖӨБ органынын расмий сайтында чагылдыруу | | | | | | |
| 23. Кызматтык териштирүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартиби | | | | | | |
| **12. МККнын сунуштарын аткаруу** | | | | | | |
| 24. МККнын сунуштарын аткаруу боюнча маалыматты өз учурунда берүү | | | | | | |
| | | | | | | Жыйынтыктоочу баа __________ |